КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

***«15» январь 2022-жыл.*** ***№8/2*** ***Жар-Кыштак айылы***

## ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ VIII СЕССИЯСЫНЫН
## Т О К Т О М У (көчүрмө)

**«СасыкБулак айылындагы айыл чарба багытындагы**
**жерди башка категорияга которуу (трансформациялоо)**
**жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 11,13-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 18 беренесине, 15.07.2013-жылдагы №145 «Жерлерди которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.03.2014-жылдагы №169 токтому менен бекитилген Жобонун 11,13,15,17-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 26.12.2020-жылдагы №12 «Инвестицияларды колдоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык, айыл өкмөтүнүн жерге укукту берүү боюнча комиссиясынын 30.12.2021-жылдагы №18 протоколун негизинде, айыл өкмөтүнүн жерге укукту берүү боюнча комиссиясынын сунушун депутаттар талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Ырыс айыл аймагынын Сасык-Булак айылындагы кыш заводунун куруу үчүн тандалган айыл чарба багытындагы жерлер категориясындагы жайыт жерден 1 (бир) га жер аянты «Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканынын, коргоонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлери» категориясына жерлерди которуу (трансформациялоо) боюнча айыл өкмөтүнүн жер комиссиясы тарабынан даярдалган иш кагаздарынын негизинде которууга макулдук берилсин.

2. Айыл аймагындагы айыл чарба жерлерин башка максатта пайдаланылып турган категориясына которуу боюнча иш кагаздарын даярдап, жерлердин категорияларына өзгөртүүлөр киргизилип жана бул маселени мыйзам ченемдүү чечип берүү жагы жогорку бийлик органдарынан суралсын.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамына ылайык, Ырыс айыл аймагынын расмий www.yrys.org.kg сайтына жарыялансын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер меселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Мирзаевке милдеттендирилсин.

**Ырыс айыл кеңешинин төрагасы:** **Ш.Кадиркулов.**